# Куран боюнча даават методикасы

Док. Ниязали Арипов
Ош Мамлекеттик Университети теология факультети

## Аннотация

Ислам双 дининде даават маселеси негиздүү орунду ээлейт. Исламда, диний баалуулуктарды жайылтууда мажбурлоо жок, бир гана жеткирүү бар. Исламдын улуу пайгамбары Мухаммед алейхис-саламдын да ыйык Куран боюнча белгиленген милдет жоопкерчилиги, Кудайдан келген динди, анын мазмунун жалпы адамзатка кемтиксиз жеткирүү болуп эсептелет. Андан соң жакшы менен жаманды тандоодо эркин жаратылган пенделер, пайгамбар жеткирген Кудайдын буйруктарын кандай аткаруусу өздөрүнө тийиштүү болуп, соңунда акырет эсеп кысабы аркылуу жаман болсо жазасы, жакшы болсо сообу менен сыйландырылат. Ошондуктан Ислам дини жеткирүүнө максат кылган даават ишине абдан жогру маани берип келет. Даават замандын талабына жараша өнүгүп, жаңы ыкмалар менен камсыздалып туруусу диний максаттын талабы болуп саналат.

Ачкыч сөздөр: Даават, чакыруу, ыйман, хикмат, вахий, метод.

Даават сөзү арабчадан которгондо "чакыруу, үн чыгаруу, ысымдоо, жакшы же жаман мааниде батаа кылуу" сыяктуу маанилерди туюнтат.[1] Исламий термин катарында даават сөзү, "Ислам дини жана андагы мыйзам нормаларды аткарууга чакыруу" ирээтинде каралат. Бул чакыруу мусулман адамга да жана мусулман эмес адамга да бирдей болуп саналат.[2]

Даават сөзү Куранда "Исламга чакыруу", "Ыйманга чакыруу", "Алланын жолуна чакыруу", "Алланын китебине чакыруу", "Акыйкатка чакыруу", "Жакшылыкка чакыруу", "Кутулууга чакыруу", "Жашоо булагына чакыруу", "Аманчылыкка чакыруу" сыяктуу маанилерде колдонулат.[3]

Ал эми дааватчы деп жогоруда айтылгандарга, аларды аткарууга чакырган адамга сыпат катары айтылат. Куранда дааватчы сөзү төмөндөгүдөй маанилерде келет:

А) "Алланын дааватчысы"[4] маанинисинде эки жерде.
Б) "Аллага дуа кылуучу"[5] маанисинде бир жерде.
В) "Көрүнбөгөн бир нерсеге чакыруучу"[6] маанисинде бир жерде.

---

[1] Ибн Манзур, Лисанул Араб, Дар Садар басмаканасы, Бейрут 1863, XIV, 257-60-беттер.
[2] Мустафа Чагрыжы, Даават, ТДВ Ислам Энциклопедиясы, Стамбул 1994, IX, 16-бет.
[3] Сафф сүрөсү, 7-аят, Хадид сүрөсү, 8-аят, Нахл сүрөсү, 125-аят, Аали Имран сүрөсү, 23, 104 -аяттар, Рад сүрөсү, 14-аят, Момун сүрөсү, 8-аят, Анфаал сүрөсү, 24-аят, Мухаммед сүрөсү, 35-аят.
[4] Ахкаф сүрөсү,31-32-аяттар.
[5] Бакара сүрөсү,186-аят.
[6] Камар сүрөсү,6-аят.

Г) "Дааватчы"[7] мааниинсинде үч жерде.

Курани Каримде даават сөзү алты жерде өтөт. Ошондой эле бул уңгу этиштен тараган сөздөр 205 жерде айтылат.[8]

Куранда даават кылуу керек болгон негизги маселелер төмөнкүлөр болот:

**1) Аллага ыйман келтирүү**

Курандын эң көп сөз кылган темасы Алланын сапаттарына байланыштуу маселелер болуп саналат. Аллага ыйман келтирүү тууралуу айтылган аяттар өкүм (ахкам) билдирген аяттардан алда канча көп келген. Алланы таануу анын бар экендигине ыйман келтирүү Куран аяттарына таянбастан же кайсы бир көз караштар системасына баш ийбестен эле орундатуу мүмкүн. Ошол эле учурда ар түрдүү философиялык далилдер, илимге таянган таянычтар, акыл логикалык ой жүгүртүүлөр Алланы таанып билүүдө жол көрсөтүп жардамчы элемент катары кызмат кылуусу шексиз. Бирок мындай жол Алланы жана анын сапаттарын так туура билүүгө жетишсиз болгондуктан Алланын өзү тарабынан Куран түшүрүлүп Аны бир гана Куран аркылуу туура таануу мүмкүн экендиги маалымдалат.[9]

Философия жана аң сезим тарыхына көз чаптырганыбызда акыл ой толгогон адамдардын дээрлик көпчүлүгү Аллага ишенгендигин көрсө болот. Бирок алардын ишеними ойлонуп акыл жүргүзүүнүн натыйжасында келип чыккандыктан Алланын вахийси (аяндар) аркылуу аны билүү мүмкүнчүлүгүнөн узак болушкан. Мисалга алсак Нютон (өлүм тарыхы:1727-ж.) сыяктуу кээбир изилдөөчүлөрдүн көз карашы боюнча "Аллах таала ааламга механика-математикалык жол жоболор жайгаштырган". Мындан кийин ал өзү кааласа да бул рационалдык жол жоболорго кийлигишүү же каршы болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Анткени ал өзү койгон принциптерге көз каранды. Дүйнөдө мужиза кереметтерге жол жок. Алла табигат мыйзамдарын түптөө менен ага каршы келе албайт, табигат механикалык түрдө өзү менен өзү эле иш аракетте боло берет.[10] Көрүлгөндөй мындай адамдар Аллага ишенгени менен анын Ираде (Каалоо) жана Кудрат сапаттарын биле алган эмес.[11] "Раббиң каалаганын жаратат жана чечет"[12], "Ал; ар дайым жаратып турат"[13], "Алла, каалаганын жасай алат"[14] таризиндеги Алланын маалыматтарын аңдай албаган. Аллага мажбурлоо жана өкүмгө тартуу принцибин таңуулоо Куран мазмунуна төп келбейт. Ошондуктан Алланы туура таанып билүү анын китеби аркылуу гана максатына ылайык болот.

---

[7] Камар сүрөсү,20-аят, Таха сүрөсү, 108-аят, Ахзаб сүрөсү, 46-аят.

[8] Мустафа Чагрыжы, Аты аталган китеп, 16-бет.

[9] Шерафеддин Гөлжүк, Аллах Куран Инсан, Эсра басмаканасы, Коня 1990, 46-бет.

[10] Шади Эрен, Куранда гайб билгиси, Ышык басмаканасы, Коня 1990, 46-бет.

[11] Аталган адабият, 227-бет.

[12] Касас сүрөсү, 68-бет.

[13] Рахман сүрөсү, 29-аят.

[14] Буруж сүрөсү, 16-аят.

Ал эми беш туйгудан башка маалымат булагы же акыйкат болбогондугун айтышкан позитивисттер менен аларга окшогон түшүнүктөгү адамдар туйгу тажрыйбага гана таянган нерселерге ишенип субьективдүү аракеттерди алга сүрүп келет. Алардын бул кыймыл аракеттеринин артында акыйкат жолундан адашуу, текеберчилик жана материалдык пайдалар сыяктуу кемчиликтер жатат. Албетте Алланын бар экендигине ынануу узун жана кыска максатыбызга, жашообузга түздөн түз таасир кылгандыктан, эрки бекем болбогон инсанды кыжалат кылат. Мындай көз караш менен караганыбызда ишенип-ыйман келтирүү иши акылдан да көбүрөөк эрктүүлүктүн функциясы экендиги байкалат. Куранда каапыр болгон инсандардын образы катары "Аллага ишенип туруп зулум жана текебердиктин айынан" аны чангандыгы маалымдалат. Буга далил "Ишенишип туруп зулум жана текеберчилиги айынан каршы чыгышты"[15] таризинде баяндалган аятты айтсак болот. Ошондуктан ыйман келтирүү маселесинде динди жашоо образы катары кабылдоону баштоодо акыл эстин жанында эрктүүлүк менен каалоо сапаттарын тарбия кылуу негиздүү орунга ээ. Айта кетсек ынануу жөндөмү табигый түрдө ар бир адамда бар бирок диний жана инсандык баалуулуктардан кабарсыз болуу, акыйкатка каршы тирешүү, өзүмчүлдүк жана текеберчилик сыяктуу сапаттар ынануу сезимин жоготуп рухий-моралдык баалуулуктарды жоготууга себеп болушу мүмкүн.

**2) Пайгамбарларга ишенүү**

Пайгамбарларга ыйман келтирүү Исламда ишеним негиздеринин бири болуп саналат. Пайгамбардык таалим тарбия же ишмердүүлүк менен алынбайт. Анткени пайгамбардык Кудай тарабынан берилүүчү нерсе ал кесип катары тандалбайт[16]. "Пайгамбардык Жаратkандын берген белеги. Аны каалаган пендесине берет..."[17]. Пайгамбардык Аз.Адам атадан тартып Аз.Мухаммед пайгамбарга чейин улантылган. Пайгамбардык белгилүү бир даража болуп саналат. "Алла таала периштелерден жана инсандардан Пайгамбар чечет..."[18]. Бул аятта эң улуу даража болгон Пайгамбардыкты берүү Аллага таандык экендиги чагылдырылат. Ал эми Куранда аты аталган жана кээ бирлеринин икаялары да бар болгон пайгамбарлардын тизмеги төмөнкүлөр:

1) Адам алейхис- салам
2) Идрис а.с.
3) Нух а.с.
4) Худ а.с.
5) Салих а.с.
6) Ибрахим а.с.

[15] Намл сүрөсү,14-аят

[16] А.Саим Кылавуз, Анахтарларыйла Ислам акаиди ве Келама гириш, Енсар басмаканасы, Стамбул 1993, 135-бет.

[17] Аьнам сүрөсү, 124-аят.

[18] Хаж сүрөсү,75-аят.

7) Исмаил а.с.
8) Ысхак а.с.
9) Лут а.с.
10) Якуб а.с.
11) Юсуф а.с.
12) Аюб а.с.
13) Зулкифл а.с.
14) Шуайб а.с.
15) Муса а.с.
16) Харун а.с.
17) Иляс а.с.
18) Аляса а.с.
19) Юнус а.с.
20) Давут а.с.
21) Сулайман а.с.
22) Закария а.с.
23) Яхя а.с.
24) Иса а.с.
25) Мухаммед а.с.

Бул аталган ысымдардан башка Улукман, Узаир, Зулкарнайн алейхис-саламдар да бар. Булардын пайгамбар болуп болбогондугу туурасында илимпоздор бир пикирге келе алган эмес. Ошондой эле Куранда аты аталбай икаялары да баяндалбаган пайгамбарлар жөнүндө сөз болот.[19] Муну Куран мындайча баян кылат: "Ант болсун, сенден мурда да көптөгөн элчилер жибердик. Алардын ичинен икаяларын айкандарыбыз болгондой эле айтпагандарыбыз да бар..." [20]

**3- Самави китептерге ыйман келтирүү**

Алла таала адамдарга пайгамбар жиберүү менен бирге китеп да берген. Бул китептердин кээ бири «сухуф»[21] түрүндө болсо кээ бири китеп түрүндө берилген. Аз. Ибрахим жана Муса пайгамбарларга сухуф берилгендиги Куранда да маалымдалат.[22] Мындан башка да сухуф ээлери болуп аларда бир канча эле барактар болгондугун билебиз.

Булар он барак Аз. Адамга, эллүү барак Аз. Шитке, оттуз барак Аз. Идриске, он барак Аз. Ибрахимге берилген.

Ал эми китеп түрүндө Аз. Мусага Тоорат, Аз. Давутка Забур, Аз. Исага Инжил берилген. Акыркы пайгамбар катары Аз. Мухаммедке Курани Карим берилген. Алла таала бул китептерди Жабраил периште аркылуу жиберген. Бул китептерге Илахий китептер деп айтылгандай эле Самави китептер деп да айтылат. Бул китептердин арасынан Курандан башкасы алгачкы келген формасын мазмунун коруй алган эмес. Бүгүнкү Тоорат,

[19] М.Асым Көксал, Пайгамбарлар тарыхы, ТДВ басмаканасы, Анкара 1995, 10-бет.
[20] Момун сүрөсү, 78-аят.
[21] Сухуф арапчада барактар дегенди туюнтат.
[22] Аала сүрөсү, 18-19 аяттар.

Забур, Инжилдер өз учурунда пайгамбарларга берилген абалына караганда алда канча өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Ал эми Куран болсо 7-кылымда Аз.Мухаммедке кандай келген болсо күнүбүзгө дейре өзүн коруп келет. Куранды ар кандай бузулуудан коргоо кепилдигин Алла таала «Албетте Куранды биз түшүрдүк аны сөзсүз өзүбүз коргойбуз»[23] сөзү менен тастыктайт. Бул аятта Курандын кыяматка чейин корголушунан кабар берет. Айрыкча Куран кандайча бардык адамзатка жиберилген китеп болсо анын жеткирүүчүсү болгон Аз. Мухаммед да жалпы адамзаттын пайгамбары катарында келген.

Жогоруда айтылган даават темаларын Гайбка (акырет жана периштелер сыяктуу көзгө көрүнбөгөн нерселерге), Саалих амал (Кудай койгон чектерден чыкпаган акыйкат амал иштер) сыяктуу маселерлер менен толуктасак болот. Булардын ар бири чоң бир тема болгондуктан темасын айтуу менен эле чектелдик.

**Куранда орун алган дааватчылар төмөнкүлөр болуп саналат:**

1) Пайгамбарлар

Куранда биринчи дааватчы катарында пайгамбарлар эсептелет Алла таала пайгамбарларды инсандарга сүйүнчүлөөчү жана эскертүүчү катары жиберген.[24] Куранда ар бир улутка туура жолду көрсөтүү үчүн пайгамбар жиберилгендиги баян кылынат.[25] Ошондой эле пайгамбар жибербестен туруп эч ким азапка тартылбашы маалымдалат.[26] Аз. Мухаммед пайгамбар туурасында Куранда «Эй пайгамбар, биз сени чыныгы күбө, сүйүнчүлөөчү жана коркутуучу, Аллага жана анын буйругу менен дааватчы жана нур чачкан чырак катары жибердик»[27] деп айтылат.

2) Жалпы инсандар

Пайгамбарларга Кудай тарабынан айтылган буйрук осуяттар инсандарга да айтылган болуп эсептелгендиктен жалпы инсандар да дааватты угуучу жана өзү да дааватчы болуп саналат. Курандын бир аятында мусулмандар туурасында «Сиз адамдардын бактысы үчүн жаралган эң жакшы үммөтсүңөр»[28] деп айтылат. Жалпы момундардын бирбирине дааватчы экендигин Алла тааланын «Момун эркектер жана момун аялдар бири биринин досу. Алар жакшылыкты буюрат жамандыктан узакташтырат...»[29] деген аятынан да билсек болот. Момундардын эң маанилүү сапаты жакшылыкты буюруп жамандыктан кайтаруу болуп саналат.

---

[23] Хижр сүрөсү, 9-аят.
[24] Бакара сүрөсү, 213-аят.
[25] Нахл сүрөсү, 36-аят.
[26] Исра сүрөсү, 15-аят.
[27] Ахзаб сүрөсү, 45-аят.
[28] Аали Имран сүрөсү, 110-аят.
[29] Тообо сүрөсү, 71-аят.

Куран бардык турмуш маселелерине жалпылап маңыздуу орун берет. Анда ар бир доордун адамына өзүнө карата айтылган сөз табылат.[30] Куранды окуган адам сабырдуу, адеп ахлактуу, бекем ишенимдүү болуп калыптанат. Мындай сапаттар менен куралданган адамдын даваты да жугумдуу таасирдүү болору талашсыз. Мусулман дааватчы Аз. Мухаммед пайгамбарды өрнөк алуусу лаазым. Анткени анда дааватчы үчүн керек болгон бардык сапаттар бар. Куранда бул жөнүндө «Пайгамбар силерге эмне берсе аны алгыла эмнени тыю кылса аны кылбагыла...»[31] деп баяндалат.

Ал эми Курандагы даават кылуу методикасы тууралсында төмөнкүлөрдү айтсак болот:

1) Хикмат жана көркөм үгүт насаат менен даават...

Бул ыкма Курандагы даават жөнүндө айтылган эң негизги ыкма болуп саналат. Куран пайгамбар аркылуу « Сен раббиңдин жолуна хикмат жана көркөм үгүт насаат менен чакыр...»[32] Улуу муфассир Элмалылы Хамдинин көз карашы менен караганыбызда бул жердеги хикмат сөзүнөн максат «алган илимге амал кылуу болуп эсептелет же айтылган сөз менен аткарылган иштин бир болушу» катарында мүнөздөлөт.[33] Ошондой эле Салих ибн Абдуллах ибн Хамид тарабынан хикмат сөзү «ар бир нерсени өз ордуна койо билген акылмандуулук» катары да мүнөздөлөт.[34]

2) Эң жакшы күрөшүү менен даават...

Куранда колдонулган даават методикаларына токтоло турган болсок төмөнкүлөр:

1) Икая методу (бир чындыкты икая аркылуу жеткирүү)
2) Масал методу (бир чындыкты айтууда окшоштуруу ыкмасы)
3) Тадрижиилик методу (бир чындыкты жайылтууда тепкич тепкич менен баруу)
4) Жеңилдетүү методу (динди жашоо оор эмес экендигине басым жасоо)
5) Ант берүү методу (бир чындыкты айтаарда ант берүү менен баштоо)

Ал эми учурдагы дааватчынын кандай болуу сапаттары тууралсында мына буларды айтуу мүмкүн деп ойлойбуз:

1) Үйрөтүп жаткан динди мыкты өздөштүрүү
2) Ислам культура маданиятына ээ болуу
3) Заманбап культура маданиятты таанып билүү жана Ислам менен айкалыштыра билүү
4) Жергиликтүү үрп адат салттарды туура колдоно билүү

---

[30] Сейит Кутуб, Фи зилалил Куран, Араштырма басмаканасы, ( которгон: Эмин Сарач, И.Хаккы Шенгуле, Бекир Карлыга), Стамбул тарыхсыз, 4-том, 14-бет.
[31] Хашр сүрөсү, 7-аят.
[32] Нахл сүрөсү, 125-аят.
[33] Элмалылы Хамди Языр, Хак Динин Куран Дили, Азим басмаканасы, Стамбул тарыхсыз, 1-том, 398-бет.
[34] www.aboutislam.com

5) Инсан тажрыйбасына таянган дүйнөлүк билимдерди керектүү өлчөмдө өздөштүрүү жана дин илими менен айкалыштыра билүү

Ал эми учурда даават кылуу курал жарактарына токтоло кетсек төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

1) Радио телевидение
2) Басма сөз каражаттары (гезит журналдар)
3) Интерент кызматы, симпозиум, конференция, тегерек үстөл, диспуттар ж.б.

Сөз соңунда белгилей кетүүчү нерсе ар бир демократиялуу өлкөдө динди расмий жолдор менен үйрөнүү үчүн заманбап шарттардын болгону дурус. Бул бир эле диний мекемелерде эмес мектептерде жогорку окуу жайларда болушу мүмкүн. Диний жактан да маалыматтуу коомду куруу адамдардын руханий байлыгынын терендешине алып келет. Мындай коомдо ар тармактуу өнүгүү болоору шексиз.